М.Куренкеев атындагы №11 орто мектебинин педагогикалык кенешмесинде кабыл алынды
№-12/2 “ 5 ” сентябрь 2022-ж.

М.Куренкеев атындагы №11 орто мектебинин директору
________ М.Бакирова
№ 122 “ 5 ” сентябрь 2022-ж

# Окуучунун класстан тышкаркы ишмердүүлүгү жөнүндө

# Жобо

## *Жалпы жоболор*

**1.1.** Окуучунун класстан тышкаркы ишмердүүлүк жогорку сапаттагы билим берүүгө жетүүгө багытталган мектептин бирдиктүү билим берүүчү мейкиндигин калыптандыруу максатында уюштурулат. Класстан тышкаркы ишмердүүлүк базалык билим берүүнүн компоненти катары сабак ишмердүүлүгү менен бирдей каралат.

**1.2.** Окуучулардын класстан тышкаркы ишмердүүлүгү сабактан тышкаркы бош убактысын педагогикалык максаттуу колдонууга багытталат. Класстан тышкаркы ишмердүүлүккө бөлүнгөн сааттар окуучулардын каалоосу жана ата-эненин (законду өкүл) макулдугу менен мектепте өтүлөт.

**1.3.** Класстан тышкаркы ишмердүүлүк табигый жөндөмдүүлүгүн гуманизм, демократиялык принциптерге, инсандын чыгармачыл өнүгүүсүнө ишмердүүлүктүн түрүн жана көлөмүн окуучунун эркин тандоосуна, ар бир окуучунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен билим берүүнү дифференцирлөөгө карата уюштурулат.

1.4. Класстан тышкаркы ишмердүүлүктү мектептин директорунун тарбия иштери боюнча орун басарлары жетекчиликке алат жана анын жыйынтыгы боюнча жоопкерчиликте болот.

1.5. Класстан тышкаркы ишмердүүлүктүн мазмуну билим берүү программалары менен аныкталат.

1.6. Класстан тышкаркы ишмердүүлүккө окуучулар билим берүү программасынын негизинде эркин тандоонун негизинде катышат.

1.7. Класстан тышкаркы ишмердүүлүктүн структурасы мектептин максаттары, милдеттери менен, кошумча билим берүү программаларынын саны менен аныкталат жана төмөнкүлөрдү камтыйт.

## 1. Жалпы мектеп жана класс жамаатынын чегиндеги ишмердүүлүк

- Балдарга кошумча билим берүү чегиндеги ишмердүүлүк
- Коррекциялык-өнүктүрүүчү иштердин чегиндеги ишмердүүлүк

1.1 Класстан тышкаркы ишмердүүлүк убагында окуучулар мектептин, ошондой эле балдарга кошумча билим берүүчү мекемелердин кызматын колдоно алышат;

1.2 Мектеп балдарга негизги жана кошумча билим берүү интеграциясын камсыздайт;

1.3 Класстан тышкаркы ишмердүүлүк процессинде мектеп окуучуларга зарыл болгон педагогикалык-психологиялык колдоо көрсөтөт

1.4 Класстан тышкаркы ишмердүүлүктү ишке ашыруучу мектеп режими билим берүүчү, өнүктүрүүчү, тарбия берүүчү жана ден соолукту чыңдоочу процесстерди бир функционалдык комплекске бириктирип, билим берүү мейкиндигин калыптандырат

1.5 Класстан тышкаркы ишмердүүлүккө бөлүнгөн убакыт окуучунун максималдык жумалык окуу жүгүн аныктоодо эске алынбайт.

## 2. Класстан тышкаркы ишмердүүлүктүн милдеттери

Класстан тышкаркы ишмердүүлүк төмөнкү милдеттерди чечүүгө багытталат:

- Окуучулардын билим берүүдө керектөөлөрүн жана кызыкчылыктарын, ден соолугун бекемдөөнү толук канааттандырууга;
- Окуучунун инсандык-нравалык өнүгүүсүнө;
- Окуучулардын коомдогу жашоосуна көнүгүүсүнө, социалдык коргоо жана колдоо көрсөтүүгө;
- Окуучулардын жалпы маданиятын жана кеңири дүйнө таанымын калыптандырууга;
- Окуучуларды атуулдукка, адам эркиндиги менен укугун сыйлоого, мекенчилдикке, табиятты жана үй-бүлөнү сүйүүгө тарбиялоо.

## 3. Класстан тышкаркы ишмердүүлүктүн жүрүшүндө ишке ашуучу билим берүү процессинин мазмуну

3.1 Класстан тышкаркы ишмердүүлүктө окуучулардын кошумча билим берүү программасы төмөнкү багыттар боюнча ишке ашат:
Спорттук-чыңдоочу, көркөм-эстетикалык, илимий таануучулук, атуулдук-мекенчилдик.

Ишмердүүлүктүн түрлөрү: оюн, таанып билүүчүлүк, спорттук, туристтик-край таануучулук, көңүл ачуучу, эмгек ишмердүүлүгү,проблемалык-баалуулук пикирлешүүлөр, көркөм чыгармачылык, социалдык чыгармачылык.

3.2 Класстан тышкаркы ишмердүүлүк төмөнкүчө ишке ашат:

- Бир тематикалык багытта билим берүү программасы боюнча;
- Комплекстүү билим берүү программалары боюнча. Билим берүү программалары индивидуалдык мүнөздө болушу мүмкүн.

3.3 Билим берүү программаларынын мазмуну, аны ишке ашыруу методдору жана формалары педагог тарабынан өз алдынча аныкталат. Мында билим берүү, тарбия берүү милдеттери, психологиялык –педагогикалык максаттулук, санитардык- гигиеналык нормалар, материалдык-техникалык шарттар эске алынат.

3.4 Педагогикалык кызматкерлер билим берүү башкармасынын органдары сунуштаган болжолдуу билим берүүчү программаларды, өз алдынча иштелип чыккан программаларды, башка билим берүү мекемелеринде түзүлгөн программаларды колдонсо болот. Бул программалар белгилүү тартипте бекитилүүсү керек.

3.5 Класстан тышкаркы ишмердүүлүктүн программасынын түзүлүшү төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Түшүндүрмө кат;
- Календардык-тематикалык план (окуу жылы боюнча);
- Пландалган жыйынтыктын сүрөттөлүшү;

- Пландалган жыйынтыкка жетүүнүн эффективдүүлүгүнүн критерийлери жана көрсөткүчтөрү.

## 4. Билим берүү процессин уюштуруу

4.1 Класстан тышкаркы ишмердүүлүктү уюштуруу билим берүү программасынын негизинде иштелип чыккан, директор тарабынан бекитилген календардык-тематикалык план менен ишке ашырылат.

4.2 Сабак жана класстан тышкаркы ишмердүүлүктүн тартибин мектеп аныктайт.

4.3 Класстан тышкаркы ишмердүүлүктүн расписаниесин мектеп администрациясы окуучунун эмгек жана эс алуу режимин эске алуу менен түзөт жана мектеп директору бекитет.

4.4 Класстан тышкаркы ишмердүүлүктү мектеп мугалимдери же балдарга кошумча билим берүү мекемелеринин кызматкерлери өткөрүшөт.

4.5 Класстан тышкаркы ишмердүүлүккө катышуунун эсеби журналга класс жетекчи тарабынан жүргүзүлөт.

4.6 Жума ичиндеги сабактын саны жана узактыгы мектептин окуу планы менен аныкталат.

4.7 Билим берүү программасына ылайык педагог түрдүү формаларды аудиториялык (окуучулардын чыгармачыл иштери, ролдук оюндар, сабак саякаттар) жана аудиториядан тышкаркы ( экскурсия, концерт, көргөзмө, экспедиция) колдоно алат.

4.8 Класстан тышкаркы жетишкендиктерди баалоочу негизги форма портфолио болуп саналат.

4.9 Портфолио түзүүнүн максаты төмөнкүлөр:

- Окуунун ишмердүүлүгүн өзүн-өзү баалоосунун өз алдынчалуулугун жана обьективдүүлүгүн өнүктүрүү;
- Класстан тышкаркы ишмердүүлүккө активдүү катышуу менен жогорку индивидуалдык окуу жыйынтыктарына жетүүгө мотивациялоо;
- Окуучунун класстан тышкаркы ишмердүүлүгүнүн түрдүү жыйынтыктарын системалоо.

4.10 Портфолио төмөнкү структурада болот:

- 1-бөлүм "Менин портретим" (портфолионун ээси тууралуу маалымат)
- 2-бөлүм "Документтердин портфолиосу" (диплом, грамота, тесттин жыйынтыктары ж.б.)
- 3-бөлүм "Иштердин портфолиосу" мында окуучулардын төмөнкүлөр тууралуу маалымат берилет:
- конкурстарга, спорттук мелдештерге катышуусу жана жыйынтыктары;
- предметтик жана тематикалык олимпиадаларга катышуусу жана жыйынтыктары;
- окуу-илимий ишмердүүлүккө катышуусу (чыгармачыл, долбоордук, изилдөөчүлүк иштер тиркелет);
- коомдук-маданий ишмердүүлүккө катышуусу (сүрөттөр, публикациялар, катышуу тууралуу сертификаттар тиркелет).

4.11. Кошумча билим берүүнү уюштуруу кыймылдуу-активдүү, физкультура спорттук сабактарды тандоо мүмкүнчүлүгүн камсыздайт.

4.12. Бир сабактын узактыгы 45 минутадан ашпашы керек, балдардын эс алууга 5 мүнөттөн кем эмес убакыт бөлүнөт. Классты 30-45 мүнөт сайын желдетип туруу зарыл.

4.13. Класстан тышкаркы ишмердүүлүктүн жогорку сапатына жетишүү үчүн мектепте кызматкерлердин педагогикалык чеберчилигин жогорулатуучу жана окуу процессинин мазмунун өнүктүрүүгө багытталган усулдук иштер өткөрүлүп турат.